# «Элүү беш»

Сөзү: Жаныбек Кожошев

Обону: Туратбек Дүйшеев

Алкындырып аргымакты теминбес,

Алтымышка аттандырдың элүү беш.

Эр ортоңу элүү жашты кайыр деп.

Айтаарымды билбей турам эмне деп,

I

Кайырма:

Ак аралып акырындап чачтарды,

Чакырган кез ынтымакка жаштарды.

Неберенин искеп жыттап кагылып,

Чоң аталык доорлор эми башталды.

Жаштык кезди аттиң кылып эскертип,

Ден соолукту улам-улам текшертип.

Толуп турган, болуп турган куракты,

Сен элүү беш кое көрбө бекчейтип.

Кайырма:

Ак аралып акырындап чачтарды,

Чакырган кез ынтымакка жаштарды.

Неберенин жытын жыттап кагылып,

Чоң аталык доорлор эми башталды.

Жаратканым жамандыкты кошпосун,

Жакшылыктын жолун такыр тоспосун.

Бир туугандар, кудаларым, досторум,

Ийгиликтер дайым бизди коштосун